# Улуттук банктын ноталары

*(2013-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Сентябрь айында өткөрүлгөн Улуттук банктын ноталарынын төрт аукционунда жалпы алганда жарыяланган эмиссиянын көлөмү 3,2 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушундай эле көрсөткүч деңгээлинде сакталган.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү сентябрь айында 0,9 пайызга төмөндөп, 776,0 млн. сомду түзгөн. Сентябрь айында сатуулардын жалпы көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар менен камсыздалган, алардын ичинен ири бөлүгү сатуу түзүмүндө 92,9 пайыз жалпы үлүшү менен эки коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү кароого алынган мезгил аралыгында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 7,5 пайызга төмөндөө менен 555,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил аралыгында эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга болгон сунуштардын көлөмү аларга болгон суроо-талап көлөмүнөн арткан.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү сентябрь айында өткөн айдын деңгээлинде сакталып, 4,2 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун коломунун жана кирешелуугунун динамикасы**




Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 13,3 пайызга өсүп, 2,7 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин портфелдеринин салыштырма салмагы бир эле мезгилде 59,6 пайызга чейин

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

төмөндөгөндөн улам, Улуттук банктын ноталарын сатып алуучулардын негизгилеринин бири катары саналган коммерциялык банктардын үлүшү 40,4 пайызга чейин (+25,0 п.п.) жогорулаган. Финансылык юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 6,5 пайызга (-0,6 п.п.) чейин, ал эми финансылык эмес юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 24,4 пайыздык пунктка, 53,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Жеке адамдар, институционалдык инвесторлор жана юридикалык жактар-резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. | | Резидент жеке | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.10.12 | 1,775.4 | 1,492.2 | 84.0% | 218.4 | 12.3% | 2.0 | 0.1% | 62.8 | 3.5% |
| 01.11.12 | 1,900.0 | 1,689.7 | 88.9% | 146.1 | 7.7% | 1.3 | 0.1% | 62.9 | 3.3% |
| 01.12.12 | 1,900.0 | 1,640.0 | 86.3% | 139.0 | 7.3% | - | 0.0% | 121.0 | 6.4% |
| 01.01.13 | 3,050.0 | 3,006.4 | 98.6% | 13.5 | 0.4% | - | 0.0% | 30.1 | 1.0% |
| 01.02.13 | 3,379.5 | 3,316.9 | 98.1% | 40.6 | 1.2% | - | 0.0% | 22.0 | 0.7% |
| 01.03.13 | 3,600.0 | 2,562.7 | 71.2% | 1,036.0 | 28.8% | 1.3 | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.04.13 | 3,673.1 | 2,019.8 | 55.0% | 1,653.3 | 45.0% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.05.13 | 3,143.0 | 2,140.5 | 68.1% | 1,002.5 | 31.9% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.06.13 | 3,073.0 | 1,811.0 | 58.9% | 1,262.0 | 41.1% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.07.13 | 3,105.5 | 1,836.0 | 59.1% | 1,269.5 | 40.9% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.08.13 | 2,680.6 | 960.5 | 35.8% | 1,636.1 | 61.0% | - | 0.0% | 84.0 | 3.1% |
| 01.09.13 | 2,400.0 | 370.5 | 15.4% | 2,029.5 | 84.6% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.10.13 | 2,720.0 | 1,098.6 | 40.4% | 1,621.4 | 59.6% | - | 0.0% | - | 0.0% |